УДК 611.013

**Абдукадыр к. Бүхамида, Үтүров Кытайбек Үтүрович**
И.Арабаев атындагы КМУнун; Гуманитардык билимдер факультетинин Теология кафедрасынын магистранты;
Философия илимдеринин доктору; профессор
**Абдукадыр к. Бүхамида, Үтүров Кытайбек Үтүрович**
Магистрант Факультет Гуманитарных знаний;
кафедры Теологии КГУ им. И.Арабаева;
Доктор философских наук; профессор
**Abdukadyr kyzy Bukhamida, Uturov Kytaibek Uturovich**
Master’s student Faculty of Humanities; Department of Theology of the Kyrgyz State University named after I. Arabaev;
Doktor of philospical science; professor

# АДАМ БАЛАСЫНЫН ЖАРАЛУУСУ: ИСЛАМДЫН, МЕДИЦИНАНЫН ЖАНА ДАРВИНИСТТЕРДИН КӨЗ КАРАШТАРЫНДА

# ПРОИСХОЖДЕНИЕ ЧЕЛОВЕКА: С ТОЧКИ ЗРЕНИЯ ИСЛАМА, МЕДИЦИНЫ И ДАРВИНИСТОВ

# HUMAN ORIGINS: FROM THE POINT OF VIEW OF ISLAM, MEDICINE AND DARWINISTS

**Аннотация:** Бул макалада, адам баласынын жаралуусу медициналык илимий ачылыштардын негизинде Ыйык Куранда айтылган далилдер менен салыштыруу жасалып, дал келгендиги көрсөтүлдү. Адамзаттын жаратылыш максаты тууралуу кыскача берилди.

**Аннотация:** В данной статье расссмотрены появление человека на основе медицинскх исследований, Священном писании Корана и сравнивается с дарвинизмом . Дана краткое информация о целях человечство.

**Annotation:** This article also shows that the creationof humans is based on medical sciebtific discoveries and compares them to the evidence given in the Quran. A summary of the natural destiny of humanity is given.

**Негизги сөздөр:** илим, адам баласы, Куран, ачылыш, жаралуу; дарвинизм; медицина; салыштыруу; максаты; далилдер;

**Ключевые слова:** наука, человечиский род, Куран, открытие, возрождение; дарвинизм; медицина; сравнение; цель; доказательство;

**Keywords:** science; human being; Quran discovery; wounded; Darwinism; medicine; comparison; purpose; evidence;

Кудай үчүн жаратуу абдан оңой. Жиндерди жана периштелерди ар кандай келбетте жана жоктон бар кылган сыяктуу эле, адамды да эволюцияга муктаж болбостон, өзүнчө бир жандык катары жоктон жараткан. Ушул эле абал жаныбарлар жана өсүмдүктөр сыяктуу башка жандыктарга да тиешелүү. Куранда билдирилген апачык чындык мындай: Аллах бул

жандыктардын эч бирин эволюция кылбастан, т.а. түрлөрдү башка түрлөргө айлантпастан бир заматта жоктон бар кылган.

Эволюция теориясына ишенгендер чоң бир идиштин ичине көптөгөн атомду, молекуланы, жансыз заттарды толтуруп койсо, булардын аралашмасынан убакыт өтүшү менен лимон дарактары, гүлдөр, жаныбарлар чыгат деп ишенишүүдө. Болгондо да мындай пикирге ишенгендер – илимпоздор, профессорлор, илимдүү адамдар болууда.[6]

Эволюция теориясынын жашоонун келип чыгышы темасында мынчалык чоң жоопсуз маселеге кабылышынын негизги себеби – эң жөнөкөй деп саналган жандуу структуралардын да укмуштуу татаал түзүлүшкө ээ болушу. Жандуу клетка адамзат жасаган бардык технологиялык продукттардан да татаал түзүлүшкө ээ. Натыйжада, бүгүн дүйнөнүн эң алдыңкы лабораторияларында да жансыз заттар чогултулуп, жандуу бир даана клетка өндүрүү мүмкүн эмес болууда. .[6]

Дарвинизмдин алгач Англияда, кийинчерээк бүт Европа жана Америкада атеизмге көрсөткөн колдоосу Оксфорд университетинен Prof. Alister McGrath (проф. Алистер МакГрат) тарабынан мындайча баяндалат:

“Чарльз Дарвиндин эволюция теориясынын Виктория университетинде акырын-акырын кыймылдап баштаган ыйман кризисине от жакканы талашсыз чындык. Батыш дүйнөсүн атеизмге багыттаган бир теория бар деп айтылчу болсо, ал эч шексиз Чарльз Дарвиндин Түрлөрдүн келип чыгышы китебинде ортого койгон теориясы...”. .[7]

Бүгүнкү күндө Россия, Кытай жана кээ бир Европа өлкөлөрү башында турган дүйнөнүн көп бөлүгүндө илим кыйраткан эволюция теориясы дагы эле өз таасирин улантууда, адамдардын дин ахлагынан алысташына себеп болууда.

Бүт дүйнөнүн мектеп, лицей жана университет жылдарында «адамдар бир айбан түрү», «коомдор арасында жунгли мыйзамдары өкүмчүлүк кылат», «чындык алсыздар тарапта болсо да күчтүүлөр дайыма аларды эзет», «жашоо күрөш» деген сыяктуу калптар менен алданган жаштар жашаган коомдорунда көптөгөн чоң маселелерге себеп болушууда. Адамзат сүйүүсүнөн алыс, заалым, зөөкүр, өзүмчүл, ахлактык баалуулуктарга маани бербеген урпактарды өстүргөн дарвинисттик системада көп өлкө өз жарандары тарабынан көп проблемаларга кабылууда. .[6]

Жогорудагы эволюция ишенимин канчалык деңгээлде туура же туура эмес экендигине Курандагы илимий ачылыштар жана бүгүнкү күндө жогорку деңгээлде өнүгүп келе жаткан медицина мындайча жооп берет: Адам баласы бул дүйнөдөгү жаратылгандардын эң шарапаттуусу болуп эсептелет. Мээримдүү Жараткан адамзатка акыл, аң-сезим жана ыктыяр берип, ар түрдүү кулк-мүнөздө жараткан. Адам баласы аң сезими менен бардык жаратылган нерселерди баш ийдирип, бул жашоонун падышасы боло алат. Аллах Таала Кыяматка чейин кала турган бардык убакытка жана жерге таандык адам баласыны эки дүйнөдө тең бактылуулукка жетелеген Ислам дини адамдын денесине да, рухуна да өзгөчө маани берген.
Алла Тааланын “Өзүн таанытууга” чечим кылышы адамдын жаратылышынын эң маанилүү себеби жана хикматы болуп саналат.Анткени Кудсий хадисте баяндалып кеткен:

“Мен жашыруун казына элем.Айкын билинүүгө чечим кылдым”.(Ушул себептен) ааламды жараттым...” .[10] - деген хадис бул экинчи себепти тастыктап турат.

Бул сөздүн төркүнүнөн Кудай Таала менен пенделердин ортосунда өзгөчө бир сүйүү байланышы бар экенин баамдоого болот.Ал пенделерин абдан сүйөт жана аларга санак жеткис нематтарды ыроолойт. Өзүнө болгон сүйүүнү башка сүйүүлөрдүн көлөкөсүндө калтырып коюну каалабайт.

“Эстегин,Раббиң периштелерге:Мен жер жүзүнө бир халифа жаратамын,-деген эле...” .[1]

Бул жерде адамды халифа кылам дегенди мындайча түшүнүү абзел:

“Ага,кудурет жана сыпаттарымдан бираз үлүш беремин. Ал болсо Менин өкүлүм катарында макулуктарымдын үстүнөн аны колдонуу укугуна ээ болот. Менин атымдан өкүмдөрүмдү жарыялайт, ошондой болсо да, ал бул өңүттө негизги өкүмдар эмес, болгону жер жүзүндөгү Менин өкүлүм гана болуп саналат. Менин эркимди буйруктарымды жана мыйзамдарымды өз ыктыяры менен аткарууга милдеткер болот.Анын артынан келе турган муундар ага өкүл болуп ошол эле милдетти улантып, жарыялап кете беришет.

Ошентип, “Ал(Алла Таала) силерди жер жүзүнө халифа кылды” [1] - деген аяттын сыры айкын болот”.

Алла Таала Адамды жараткысы келди.Алла Таала периштелерге:

-Жер жүзүндө мага халифа[4]боло турган бир жандууну жаратам,-деди.

Периштелер:

-Ал жакта бузукулук кылып , кан төгө тургандардыбы? А биз болсо алкоо-мактоо айтуу менен Сенин улуулугуңа табынабыз жана атыңды дайым аруу-пакиза тутабыз,-дешти[1].

Периштелер аруу, таза табиятка ээ болушчу. Жакшылыктан башканы ойлонушчу эмес. Ушундан улам, жаралуудагы жападан жалгыз максаты Алланын улуктап, Ага шүгүр келтирүү деп билишчү. Алардын билишкени ушул эле. Ар кандай түрдөгү жандуулардын жаратылышындагы сырды билишкен эмес. Бирок Адамдын периштелерде болбогон бир өзгөчөлүк менен жаратыларын түшүнүшкөн. Бул өзгөчөлүк адамдын жер жүзүндө Алланын “өкүлү” болуусу болчу. Өкүлдүк – Аллага таандык рухту алып жүрүү өзгөчөлүгү эле[1].

“Мен силер билбеген нерселерди билем”[1]. Адамды эмнеге жаратып жатканымды Мен жакшы билем, силер билбеген дагы канчалаган сырлар бар”.

Адам бардык нерседен кымбат, аруу, зат. Оболу, “ адам ким?”- деген суроого “Адам-Кудайдын жараткан пендеси Анын билдирген мыйзамы менен улуу ахлакка ээ болгон жаратык”- деген жооп даяр эле. Бирок, убакыт өтүп адамдардын аң сезимине тетри бурулуш жасалып, бул суроонун жообу: “ Адам- эволюция алкагында пайда болуп, эмгектин натыйжасында адамга айланган айбан”- дегенге айланып калды. Анын натыйжасында, ар бир адам керт башынын кызыкчылыгын ойлоого жана кайдыгерликке алып келди. Бул дүйнөдө жаратылгандардын улуусу, урматтуусу болгон соң, ар бир инсан эмне үчүн жашоого келдим?, мен киммин?,кайдан келдим?, кайда барам?- деп ойлонуусу зарыл. Албетте, Жараткан Кудай Таала инсандардын кыпындай кылган жакшылыгын да, жамандыгын да Билүүчү!.

Медицинада 1802-жылдан баштап чыгара баштаган адамдын пайда болуусун [12] 14 кылым мурда Ыйык Куранда айтылган:“Инсан эненин курсагында бир тамчы суу эмес беле? Андан соң ал уюган кан болгон жана кооз келбетте адам болуп жаратылган”[1]. Мындай далилдер Ыйык Куранда көп эле жерде кездешет. Генетика илими пайда болгонго чейин эле перзенттин уул же кыз болуусу атага таандык экени жөнүндө да айтылган. Муну адамдар 20-кылымда гана аныктап олтурат. Бул Куранда 14 кылым мурда эле ымыркайдын башталгыч клеткасы “зигота” жөнүндө айтылат:Бир клетка болуп 4 күндө 16 клеткага көбөйөт. Андан соң ал эненин курсагында бала жайгашуучу орундан бир жерге жайгашат да өзүнө керектүү азыктарды ала баштайт, 4 күндөн кийин уюган канга айланат[14]. Бул Куранда: ”Ал (Аллах) инсанды уюган кандан жаратты”- дейт[1].

Уюган кан абалында 14 күн турат. 23 күндөн соң (мудга) бир үзүм этке айланат. Мудга этабында 42 күн турат. Кулак,көз,жүрөк дагы мудга этабында пайда болот.Бүгүнкү күндө медицина тармагы да органдардын өсүүсүн ушул жол менен карашат экен .[13]

**Курсактагы баланын өсүүсү**

Куранда: **“...бир кесим эттен сөөктөрдү жаратып, ал сөөктөргө эт каптадык...**[1] **Ымыркайдын өсүүсүн окутуп – үйрөтүүчү илим – “эмбриология” деп аталат**[12] Өнүгүүчү адам деп аталган китепте: “ Алтынчы жумадан баштап ымыркайдын кемирчектик теги түзүлө баштайт жана ошондой эле катууланышы байкалат. Тагыраак айтканда биринчи жолу сөөктүк түзүүчүлөр пайда болот. Жетинчи жуманын аягында узун сөөктөрү чыга баштайт да 8-жумадан башка фетуска өзгөрөт. Адам кейипине келе баштайт. Муну Канададагы Торонто Университетинин анатомия жана клеткалык биология боюнча профессор Кейтмур ачкан. Анын айткан сөзү: “ Мен акыркы үч жылда Жидда шаарындагы Король Абдулазиздин университетинде иштедим. Ал жерде Куранда айтылган адамдын пайда болушу жана эненин ичиндеги өнүгүүсү тууралуу ачылыштарды аныктоого жардам бердим. 7-кылымда түшүрүлгөн Куранда эмбриология илими пайда боло элек мезгилде эле мындай акыйкаттын болушу мени аябай таң калтырды[12]. Бул илимди адамдар бир канча кылымдардан кийин гана биле алды”- дейт[12]. Мына ушундай сөздөр менен адамдын пайда болушунда Куран менен бүгүнкү күндүн эки башка нерсе эмес экенин тескерисинче экөөсү бири- бири менен тыгыз байланышта экенин билсек болот.

Курани Карим - Кудайдын өзүнүн сактоосу алдында адам баласына акыйкаттын нурун чачып, Кыяматка чейин сакталуучу Китеп. Ошондой эле Курани Каримде мындан башка дагы илимий ачылыштар жана сырлар бар экени талашсыз.

**Колдонулган адабияттар:**


1. А.Исмаилов, Д. Абдылдаев, С. Доолов, С.Гавай., Ыйык Куран маанилеринин кыргызча котормосу. – Б.: 2006.
2. Адам анатомиясы (динамикалык жана спорттук морфологиянын негиздери): Кыргыз тилиндеги окуу китеби.-Ош,2015
3. Ден соолук: Медициналык энциклопедия.-Б., Курани Каримдин чечмеленген котормосу.; Стамбул: Дафина басмасы, 2013
4. С.Мамбеталиев, Л.В.Блинников которгондор; Философтордун кыскача сөздүгү”
5. Харун Яхя “Түрлөрдүн эволюциясы көз карашынын жаңылыштыгы” [Электрондук ресурс]. https://ky.harunyahya.com/
6. Харун Яхя “Атом кереметти” [Электрондук ресурс]. https://ky.harunyahya.com/
7. Харун Яхя “Дарвинисттикдажжал агымынын өлүмү” 2009 1-басылышы [Электрондук ресурс]. https://ky.harunyahya.com/
8. Харун Яхя “Клеткадагы аң сезим” 2007 август; 3-басылышы;
9. Имам Навави “ Риядус Салихин” Тандалган хадистер 2015; 592б
10. Harun Yahya, Kuran Darwinizm'i Yalanlıyor, Araştırma Yayıncılık, 2005, о.э. [Электрондук ресурс]. www.harunyahya.org.
11. Харун Яхя “Адамдагы керемет” 2009 июль ; 4-басылыш
12. Харун Яхя “Кан жана жүрөктөгү керемет” 2008 март; 3-басылышы [Электрондук ресурс]. www.harunyahya.org.
13. Харун Яхя “Курандын кереметтери” 2006 май; 7-басылышы
14. Charles Darwin, Türlerin Kökeni, Onur Yayınları, Beşinci Baskı, Ankara 1996, s. 185-528 [Электрондук ресурс]. https://ky.harunyahya.com